# Москва жана бүткүл Орус Патриархы
# КИРИЛЛДИН
# Архипастырларга, пастырларга, диакондорго, кечилдик кылуучуларга жана Орус Православ Чиркөөсүнүн бардык ишенимдүү балдарына
# РОЖДЕСТВОДОГУ КАЙРЫЛУУСУ

Кудай жөнүндө сүйгөндөр, Агартылган архипастырлар,
чынчыл пресвитерлер жана диакондор,
кудай сүйгөн иноктор жана инокиндер,
кымбаттуу ага-инилер жана эже-карындаштар!

**Б**үгүн биздин храмдар Жаңы туулган Кудай наристесин – Куткаруучу Христосту жана анын Аруу Энеси – Дева Марияны даңктоо үчүн келген адамдар менен толгон.

**Х**ристостун Туулган күнү – бүтүндөй адамзат тарыхынын борбордук окуясы. Адам дайыма Кудайды издеген: бирок Кудай Кудай бүтүндөй толуктуну менен Өзү адамзатка Өзүнүн Жалгыз Уулун жаратууда гана Өзүн ачты. Кудай уулунун – адамзат Уулунун келүүсү менен – дүйнө Кудай Жогорку Күч гана эмес, Сүйүү экенин, Кудай Аалам жаратуучу гана эмес, Боорукерлик экенин, Кудай Катаал Сот гана эмес, жашоонун жана кубанычтын булагы экенин, Кудай дүйнөнүн жалгыз Ээси эмес, жашоосунун ички мыйзамы сүйүү болгон Ыйык Троица экенин билди.

**Ж**ана бүгүн биз бүтүндөй адамзат тарыхын түп тамырынан бери өзгөрткөн окуяны майрамдап жатабыз. Кудай адамзат жашоосунун эң түпкүрүнө кирет, биздейлердин бирөөсү болуп калат,  Өзүнө биздин күнөөлөрдүн, адам кудуретсиздигинин жана алсыздыгынын бардык оордуктарын алат – адамдарды чыдагыс азаптап куткаруу үчүн, аларгы Голгофго алып келет. Кудай мындан ары – кайсы бир бут жетпес оболордо эмес, бул жерде, биз менен, биздин арабызда. Ар бир жолу Кудай Литургиясын жасоо убагында «Христос биздин арабызда!» сөзү айтылат  - жана жооп кайтарылат: «Бар жана боло берет!» Бул Эң Кайра жаралган Кудайдын – куткаруучу Христостун – Өзүнүн ишенгендеринин

арасында бар экени жөнүндө жаркын далил. Анын Ыйык Денесине жана Канына үзгүлтүксүз тазалануу менен, Анын осуяттарын аткарууга күч жумшоо менен, биз Ал менен, биздин Куткаруучу менен реалдуу баарлашууга киребиз жана күнөөлөрүбүздү кечирүүгө жетишебиз.

**Х**ристоско ишенгендер жана Ага ишенимдүү окуучулары жер жашоосу убагында эле Христосто пайда болгон Кудай Өкүмдарынын күбөлөрү болууга чакырылган. Бизге бул дүйнөдө биздин Окутуучу жана Кудай кылгандай  ишти жасоо, Христос күчү менен азапка жана ачууна кары туруудa майтарылбас болуу, жакшы иштерди тынымсыз жасоодо алсызданбоо, биздин күнөөлүү табиятты жаңы, жакшы адамга кайра жаратуу боюнча күнүмдүк аракетибизден чалыкпоо – улуу вазипа жүктөлгөн.

**С**актоочу Христос тарабынан Кудайга карата мамиленин жасалмасыздыгынын бекем, чексиз чен өлчөмү белгиленген – бул биздин жакыныбыз. Өзүнө башкалардын алсыздыгын кабыл алуу менен, оорусун жана кайгысын бөлүшүү менен, бакытысыздарга жана алсыздарга жан тартуу менен, биз Христос мыйзамдарын аткарабыз (Гал. 6:2) жана биздин алсыздыгыбызды алган жана биздин ооруларды көтөргөн Куткаруучуга  окшошууга далалат кылабыз (Ис. 53:4).

**Жана** бул кубанычтуу жана жаркын бардык жандыктар Кудай наристесинин бешигине таң калуу менен табынган Христостун Туулган күнүндө, башкалар жөнүндө унутууга мүмкүн эмес. Бүгүн биз биздин храмдарда алып жаткан ошол ыйык жакшылык азырынча Чиркөөнүн чегинен тышкары жүргөн жана Христос боюнча эмес, дүйнө алааматы боюнча жашап жүргөн адамдардын баарына куюлушу керек (Кол. 2:8). Бирок эгерде биз сиздер менен кепке келбесек– бул Жагымдуу Жаңылык аларга жетпей калышы мүмкүн; эгерде бизге толгон кубаныч менен бөлүшүү үчүн биз сиздер менен өз жүрөгүбүдү ачпасак, - ал буга ээ болбогон, бирок аны кабыл алууга даяр адамдарга эч качан тийбей калышы мүмкүн.

**К**удай Уулунун кайра жаралуусу менен адазмат табияты болуп көрбөгөндөй бийиктикке чыгарылды. Ар бирибиз «*Кудайдын*

*кейиби жана каалоосу боюнча*» жаралган эмеспиз, Христос аркылуу да жаралганбыз жана Кудай тарабынан камкордукка алынганбыз: биз эми *«чоочун жана келгиндер эмеспиз, бирок ыйыктарга жана Кудайдын өзүнө тең жарандарбыз»* (Еф. 2:19). Бул Кудайга жакындык жана умтулуу жөнүндө биз Жаратканга өзүбүздүн тууган Обо Атага кайрылгандай, Кудайга сыйынуубуз да айтып турат.

**Б**ардык адам жашоосу баа жеткис: анткени ал үчүн Кудайдын Жалгыз Уулунун Жаралуусу, Жашоосу, Өлүмү жана Кайра тирилүүсү менен акы төлөнгөн. Мунун баары адам бизден канчалык айырмаланганына карабастан, ар бир адамга өзгөчө мээрмандык жана көңүл буруу менен мамиле кылууга бизди түртөт. Агартуучу Москва Филаретинин (Дроздовдун) ою боюнча, «*сүйүү башканын жыргалчылыгына жандуу жана жигердүү катышуу болот*». Бул жигердүү сүйүүгө биринчи кезекте ушул Христостун Туулган күнүнүн кубанычтуу күндөрүндө баарын чакыргым келет: апостол Павелдин сөзү боюнча, турмуш бири бирине боор тартуу, бири бирин эскертүүгө баш ийүү, аракетте алсызданып эмес, рухий жалындоо, Кудайга кызмат кылуу! (Рим. 12:10–11,
Евр. 13:16)

**С**издерди Христостун Туулган күнү улуу майрамы менен куттуктайм сүйүү жана тынчтык Кудайы (2 Кор. 13:11) сиздердин элге жана ар бирибизге Жаңы жылда тынчтык жана бейкуттук берсин.

**МОСКВА ЖАНА БҮТҮНДӨЙ ОРУС ПАТРИАРХЫ**

*Христостун Туулган күнү*
*2013/2014-ж.*
*Москва ш.*_